**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары**
**жана медициналык буюмдар**
**департаментинин**
**директорунун орун басары**
**Кысанов Т.А._____________________**
**«4» марта 2025-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## СОЛИДАГОРЕН

**Препараттын соодадагы аталышы:** Солидагорен.

**Эл аралык патенттелбеген аталышы:** жок

**Дарынын түрү:** оралдык тамчылар.

**Курамы:**
*таасир берүүчү зат:* 10 мл (= 9,5 г) тамчыда 7,9 мл (1:1,5-2,1) золотарник чөбүнүн аралашмасынын (Solidaginis herba), каздын кош таманы чөбүнүн (Anserinae herba), кырк муун чөбүнүн (Equiseti Herba) (4,2:1,4:1) аралашмасынын суюк экстракты камтылган, экстрагент: этанол 50 % (об/об);
*көмөкчү заттар*: тазаланган суу, этанол 96%.

**Сүрөттөмөсү:** күрөң түстөгү тунук суюктук.

**Фармадарылык тобу:** Заара-жыныс системасына жана жыныстык гормондорго таасир берүүчү препараттар. Урологиялык препараттар. Урологиялык ооруларды дарылоо үчүн башка препараттар.
**АТХ коду:** G04BX.

**Фармакологиялык касиеттери**
*Фармакодинамикасы.*
Солидагорен – айкалышкан өсүмдүк препараты, кадимки золотарник чөбүнүн, каздын кош таманы чөбүнүн, кырк муун чөбүнүн экстрактын камтыйт. Сезгенүүгө каршы, бактерияга каршы, спазмолитикалык, орточо заара айдоочу таасир берет, карышууну жазат жана заара түтүгүнүн булчуңун жазат. Жетиштүү суюктукту колдонууда (2 литр) бөйрөктө кумдун топтолушун жана таштын пайда болуусуна жолтоо болуп, алдын алат.
*Кадимки золотарник*

Кадимки золотарниктин жерге кирип өскөн бөлүгүндө флавоноиддер, полиацетилендик байланыш, ди- жана тритерпеноиддер, сапониндер, фенолкарбондук кислоталар камтылган, алар илээшкек, сезгенүүгө каршы, диуретикалык жана бактерияга каршы таасир берет. Бөйрөккө таш туруу оорусунда золотарник бөйрөктүн секретордук-экскретордук функциясын жогорулатат, суу-туз алмашуусун жөнгө салат жана кычкылдуу-шакар тең салмагын теңдейт.

*Каздын кош таманы чөбү*

Каздын кош таманы чөбү дубилдик заттарды, ачууну, эфир майларын, флавоноиддерди, аскорбин кислотасын, хиндик кислотаны, холинди, цинкти жана башка биологиялык активдүү заттарды камтыйт, спазмолитикалык, сезгенүүгө каршы жана ооруксуздандыруучу таасир берет.

*Кырк муун чөбү*

Талаа кырк муун чөбү кремний байланышын (кремний кислотасын), калий тузун, ат кулак, алма кислотасын жана кверцетин гликозиддерин, кемпферол жана лютеолинди билдирген дубилдик заттарды, флавоноиддерди камтыйт. Бул саналган байланыштар сезгенүүгө каршы, антисептикалык, заара айдоочу таасир берет.

Заара айдоочу жана сезгенүүгө каршы каражат катары кырк муун чөбү табарсык аймагында ооруксунууну азайтат, зааранын бөлүнүп чыгуусун көбөйтөт, заарадагы белокту азайтат.

Талаа кырк муун чөбү бөйрөктөрдүн түйдөк чыпкасын кеңейтет, pH зааранны жогорулатат, заара кислотасынын деңгээлин төмөндөтөт, кальцийдин жана органикалык эмес фосфордун бөлүнүп чыгуусун жогорулатат, таштын пайда болуусуна жолтоо болот.

*Фармакокинетикасы.*

Фармакокинетикасы жана биологиялык жеткиликтүүлүк боюнча изилдөөлөр тууралуу маалымат жок.

**Көрсөтмөлөр**

- заара чыгуучу жолдордун сезгенген ооруларын комплекстүү дарылоодо;
- заара таштарынын пайда болуусун, ошондой эле аларды алып салгандан кийин да аларды алдын алуу;
- диурезди күчөтүү үчүн.

**Колдонуу жолу жана дозасы**

Чоңдорго жана 12 жаштан жогорку курактагы балдарга:

20 - 30 тамчы Солидагоренди күнүнө 3 жолу. 30 тамчы 1,4 мл ылайык келет.

Солидагоренди жетиштүү өлчөмдөгү суюктук менен кабыл алуу керек.

Колдонуунун созулуу убактысы дарыгер тарабынан жеке түрдө аныкталат.

**Балдар**

Препарат 12 жашка чейинки курактагы балдарга дайындалбайт.

**Кыйыр таасирлери.**

*Абдан сейрек*: жогорку сезгичтик реакциялары жана аллергиялык реакциялар.

*Жыштыгы белгисиз*: ашказан-ичеги жолу тарабынан жеңил бузулуулар.

Аллергиялык реакциянын (мисалы, бөртмө) алгачкы белгилери пайда болгон учурда препаратты колдонууну токтотуу керек. Нускамада көрсөтүлбөгөн кыйыр натыйжалуу таасирлер пайда болгон учурда дарыгерге кайрылуу керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**

- активдүү затка же препараттын башка бардык курам бөлүгүнө жогорку сезгичтик;
- Астра түркүмүндөгү (Asteraceae) өсүмдүктөргө аллергия бар болгон учурда препаратты колдонууга болбойт, анткени көрсөтүлгөн түркүмдөгү өсүмдүктөр препараттын курамына кирген өсүмдүк экстрактын өндүрүүдө колдонулат;
- 18 жашка чейинки балдар жана өспүрүм курак;
- эпилепсия;
- кош бойлуулук жана бала эмизүү;
- боор оорулары;
- мээнин органикалык оорулары;
- алкоголизм.

**Башка дары каражаттары менен өз-ара таасири**

Башка дары каражаттары менен өз-ара таасири учурлары белгисиз.
Препаратта алкоголь бар болгондуктан, ал башка каражаттардын аракеттенүүсүнө таасир бериши мүмкүн.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**

Жүрөк жетишсиздиги же бөйрөк алсыздыгы тарабынан козголгон шишимиктерди диуретикалык дарылоо үчүн колдонууга болбойт. Улгайган курактагы бейтаптарга колдонууда бул нерсени эске алуу өзгөчө маанилүү болуп саналат.
Заарада кан бар болсо, дененин табы жогору болсо же симптоматика 5 күндөн ашык сакталса, дарыгерге кайрылуу сунушталат.
Препаратта 45% об/об спирт камтылат. Сунушталган дозаны сактаган учурда 30 тамчыны кабыл алган сайын организмге 0,6 г алкоголь барат.

Жогорку сезгичтиктин реакцияларынын биринчи белгилеринде (мисалы, териде кызарып жайылган бөртмө) препаратты колдонууну токтотуу керек. Кыйыр таасирлер пайда болгондо дарыгерге кайрылуу керек.

***Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу***

Солидагорендин курамында кырк муундун экстракты (Equisetum arvense) камтылгандыктан бул дары каражатты кош бойлуулук учурунда колдонуу каршы көрсөтүлгөн.
Бала эмизүү мезгилинде Солидагоренди дарыгер тарабынан эне үчүн пайда/түйүлдүк үчүн коопутуулук ара катышы кылдат баамдалгандан кийин гана колдонууга мүмкүн болот.

**Унаа каражатын башкаруу жана атайын шаймандар менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасир берүүсү**

Сунушталган дозалар сакталган учурда таасир бербейт.

**Ашыкча доза**

Ашыкча дозалануу учурлары тууралуу маалымдалган эмес. Ашыкча дозаланган учурда – симптоматикалык дарылоо.

**Чыгаруу формасы**
20 мл, 50 мл же 100 мл тамчы тамчылаткычы жана желимден турган буралуучу капкакчасы менен кошо флакондо. 1 ден флакон нускамасы менен кошо картон кутуда.

**Сактоо шарты**
Өзүнүн таңгагында, 25°С дан жогору эмес аба табында сактоо керек.
Жарыктан корголгон жерде жана балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**

3 жыл.

Флаконду ачкандан кийин сактоо мөөнөтү - 3 ай.
Солидагоренди таңгакта көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Дарыканадан берүү шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү.**
Др. Густав Кляйн ГмбХ & Ко. КГ,
Штайненфельд 3, 77736, Целль ам Хармерсбах, Германия.

**Расмий окулу**
Альпен Фарма АГ, Берн, Швейцария.

**Каттоо күбөлүгүнүн кармоочусу**
Альпен Фарма ГмбХ
Штайненфельд 3, 77736 Целль ам Хармерсбах, Германия.